## Чоң атам согуштун каарманы жана республиканын эмгек сиңирген мугалими

1941-жылдын 22-июнунда  СССР ге фашисттик Германиянын кол салуусу менен  Улуу Ата -Мекендик согуш башталган .Ушул согушка менин чоң атам Кожобергенов Самарбек да катышкан

К.Самарбек 1919-жылы Чуй облусунун Панфилов районуна караштуу Орто-Арык кыштагында жарык дүйнөгө к елген. Өзу тың, зирек бала болгондугу үчүн  1929-жылдан баштап  он жашында Орто-Арык колхозунда ар кандай жумуштарда иштеп келген. Колхоздо 1934-жылга чейин иштеп 15 жашында ушул жылы борбордогу Педагогикалык училищага окууга кирип аны 1938-жылы аяктаган.Башталгыч класстын мугалими деген кесиптиптин  ээси болуп чыгат.



Жыйырма жашында айылдык Советтин депутаты болуп шайланган.

1939-жылы Кожобергенов Самарбектин аскердик жолу Ыраакы Чыгышта кызмат өтүү менен башталат .Ыраакы Чыгыш училищасын аяктап, согушта миномёттук  подразделениянын командири болгон .Ошентип, ал согушту 1945-жылы Ыраакы Чыгышта аяктайт. Согуш  бүткөндөн кийин Сахалин аралына, андан ары кызмат өтөгөнгө дайындалат. Анткени анын аскердик  билими болгон .Бирок ошол убакта билим берүү жаатында мугалимдердин жетишсиздигине байланыштуу чакыртылып алынат да, туулган мекенине кайтып келген.  1946- жылы өзүнүн туулуп өскөн айылына келет..Андан сон 1949-жылдан тартып директордун орун басары болуп, биология, дене-тарбия сабактарын берген.

1951-жылы апрель айынан баштап мектептин директору болуп иштеп баштаган.

1955 -жылы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык институтту ийгиликтуу айактап тарыхчы деген кесипке ээ болгон.  1960-1966-1980 -жылдары – «Эл агартуунун отличниги», «КР эмгек сиңирген мугалими» деген ардактуу наамдарга ээ болгон.1980-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун жарлыгы менен «Эмгек ветераны» наамына ээ болгон.

Жаштарга патриоттук- аскердик тарбия беруунун активисти жана Панфилов колхозунун партиялык уюмунун секретары болуп шайланган.

Уй бүлөөдө сүйүктүү жар, сүйүктүү ата болгон да он баланы чоңойткон. Балдарынын баардыгы жогорку билимдүү болушкан.

Кожобергенов Самарбектин мурас дептери да болгон. Өзу тарыхчы болгондугуна байланыштуу, анда уруубуздун санжырасы ,айылыбыздын тарыхы жана башка маалыматтар камтылган. Көп илимий эмгектерди жараткан. Ал эмгектер СССР дин Кыргыз ССР инин мезгилдуу басылмаларында жарык көргөн. Бирок оорусуна байланыштуу көп эмгектерин басмадан чыгарууга жетише алган эмес.

2010-жылы Орто-Арык орто мектебинде Кожобергенов Самарбек атындагы автордук тарых классы ачылган.

Чоң атам Кожобергенов Самарбек 1995 жылы 8-августа дуйнөдөн кайткан.

Нурлан к Г.

гр. Э-2-18